КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЧҮЙ РАЙОНУ
КЕГЕТИ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧУЙСКИЙ РАЙОН
КЕГЕТИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

Кегети айылы

с.Кегети

Кегети айылдык кенешинин XXVIII чакырылыштын
кезектеги XIV отурумунун

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 12-майы № 18

**Кегети айылындагы БСРдин ылдый жагынан Акматбек айылынын үстү жагынан талааларга кетүүчү жаңы курулуп бүткөн Дөң каналына ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кегети айылдык кенешинин төрагасы Б.Т.Исаев Кегети, Чапаево, Акматбек айылдарынын тургундарынын кайрылуулары менен тааныштырып өттү. Ал кайрылууда жаңы курулуп бүткөн Дөң каналына Кегети айылынын тургуну Дөң каналынын негиздөөчүсү, суу чарбасына зор салымын кошкон маркум Жылкыбай Жамангуловдун ысымын ыйгаруу жөнүндө суранышкан. Депутаттар угуп, талкуулап

Кегети айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кегети айыл өкмөтүнүн аймагында жаңы курулуп бүткөн Дөң каналына Кегети айылынын тургуну Дөң каналынын негиздөөчүсү, суу чарбасына зор салымын кошкон маркум "**Жылкыбай Жамангуловдун**" ысымы ыйгарылсын.
2. Жылкыбай Жамангуловдун баласы, туугандары атасынын ысымы ыйгарылган Дөң каналынын абалын көзөмөлгө алып, оңдоо иштерине жардамдашуу жагы милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басарына жүктөлсүн.

Төрага Б.Т.Исаев